**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЧҮЙ ОБЛАСТЫ**
**СОКУЛУК РАЙОНУ**
**ПЕРВОМАЙСКИЙ АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**СОКУЛУКСКИЙ РАЙОН**
**ПЕРВОМАЙСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**

---

**ТОКТОМ**
**ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

29-июль 2022-ж. № 7/29 Первомайское айылы

**Кварталдык комитеттерди түзүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябры № 123 "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" мыйзамынын 6-главасына ылайык, Первомайский айыл өкмөтүнүн башчысы Э.О. Сартпаевди, жашаган жери боюнча жарандардын жергиликтүү маанидеги маселелерде өз демилгелерин өз алдынча чечүү жана өзүнүн жоопкерчилиги менен ишке ашыруу үчүн Первомайский айыл аймагында кварталдык комитеттерди түзүү жөнүндө маалыматын угуп жана талкуулап айылдык кеңештин XXVIII-чакырылышы

**ТОКТОМ КЫЛАТ**

1. Жашаган жери боюнча жарандардын жергиликтүү маанидеги маселелерде өз демилгелерин өз алдынча чечүү жана өзүнүн жоопкерчилиги менен ишке ашыруу үчүн Первомайский айыл аймагында кварталдык комитеттери түзүлсүн.
2. "Первомайский айыл аймагында кварталдык комитеттери жөнүндө" жобо бекитилсин
3. Первомайский айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысы ушул токтомду Юстиция министрлигинин каттоосунан өткөрсүн
4. Бул токтомдун аткарылышы Первомайский айыл өкмөтүнүн башчысы Э.О. Сартпаевге жүктөлсүн.
5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырам.

**Төрайым** **З.М. Кочкорова**